Манас атабыз жоого аттанган. Ар бир доордун, ар бир кылымдын эр азаматтары эли-жери, эне тили үчүн күрөшүп жан аяган эмес.

Адамга эки иерсе керек деги: бири – тил, бири – дил жүрөктөгү.

«Эне тилсиз укмак белээм «Манасты»,
Эне тилсиз укмак белээм санатты».

Кыргыздын Рух казынасында көп тилдүүлүктүн философиясы илгертен эле жашап келген. Буга улуу «Манастагы» баатыр Ажыбайдын 70 түрлүү элдин тилин билген керемет өнөрү күбө болот.

Ажыбай «Маната»:

«Кара тилин кайраган,
Калың тоито сайраган,
Жетимиш түрлүү тил билген,
Жетимиш түрлүү эл көргөн». – деп мүнөздөлөт.

Эгемендүүлүктүн, демократиянын кырдаалында Ресиубликабызда Ажыбайдын салты жандана баштады. Окуу жайларда Европа жана Азиянын ар түркүн тилдерин үйрөнүү активдүү түрдө колго алынып жатат.

«Өзгө тилди канча жакшы көрсөң да,
Өз тилимди сүйгөнүмдөн жаңылбайм!» - деп А. Осмонов таамай айткан. Эне тилибиз кан-жаныбыз меиен бүткөи, боор эт менен тең, эч нерсе менен алмаштыргыз ыйык дөөлөтүбүз, сыймыгыбыз.

Эне тилибиз – улуттук жүзүбүз, өз алдынча эл экенибизди белгилеген ыйык белгибиз. Тил жоголсо – улут жоголот, тил өксүсө – улут өксүйт, эл мөгдүрөп чөгөт. Кайсы бир журналист төмөнкүдөй туура жазган: «Мен Кыргызстандан эне тилин унуткан Бишкектик Такинди көрдүм, эне тилим дебеген акимди көрдүм. Эне тил деп күйбөгөндү Оштон көрдүм, ошондой эле нааданды соттон көрдүм. Эне тилин сүйбөгөндү Чүйдөн көрдүм, ошондой эле маңкуртту үйдөн көрдүм. Эне тилде эки ооз сөз жаза албаган айымды көрдүм, ошондой эле бизнесмен байыңды көрдүм. Өз эне тилине өгөй жумушчу Түкөндү көрдүм, өкмөттүк аипараттан Үсөндү көрдүм».

Мына ошентип жергебнзде, бөтөнчө улутубуздун жүрөгү – Бишкекте эне тилнбиздн уул-кыздарыбыздын кайдыгерлигинин калың туманы каитап турат. Иш кагаздары азыр деле дээрлик орус тилинде жазылып жүрөт. Тарых алдында, дүйиө элдеринин көзүнчө өзүбүздүн жүзүбүзгө өзүбүз көө жабууга акыбыз жок. Дүйнөлүк көчкө ар-намыс менен татыктуу улут катары кошулалы десек, анда улуттук тилнбиздн өркүндөтүи, өстүрүп, кош колдои, кыргыз тилибиз менен келечекке, бактылуу жашоого бирге баралы!

Ата-бабаларыбыздын тили, дили, салты, наркы, руху бизге абадай керек. Кыргыз улутубуздун улуулугун даңазалап, аң-сезимибизди, ар-намысыбызды көтөрүп алдыга жылалык. Эгер биз билимдүү, маданияттуу, өз салтын сактаган, тилин жакшы билген, улууну урматтап, кичүүнү ызаттаган, кайраттуу, бирнмдүктүү эл болоо албасак анда бизди эч ким сыйлабайт. Мамлекеттик тилибиз – элибиде каармандыкка, намыскөйлүккө, кайраттуулукка чакырып, кыргыздын тоо талаасында, кутман мекенинде өркүндөй берсин!

«Кыргыз эли – улуу эл. Аны баалай билишибиз керек. Өз элиңди баалабай, аны түшүнбөй туруп, сен башка элдин баркын кантии билеснң. Өз элин аркылуу гана башка элдн кадырлай аласың. Өз элиңдии жакшы жактарын билсең гана башка элдин жакшы жагын түшүнөсүң, андан үлгү аласың. Мен элимдин жакшы жактарын көрө билгем, аны кийинки муунга, тукумга айтып келгем» (Кусеин Карасаев).

Жаш муундарды тарбиялоодо кылымдардан бери келе жаткан оозеки чыгармалагарга, традицияларга кайрылыш керек.

Анын уникалдулугу «кийинки муундарга үй-бүлө аркылуу, уруу аркылуу «нравалык багаждарды» берүү. Жаш муундарга тарбия берүүнүн дагы бир жолу кыргыздын үри-адаттарына, каада-салттарына кайрылуу болуп саналат». (Акмолдоева Ш.Б.; Этикет кыргызов Б.Илим, 2005г. С.82).

Улуттук аң-сезимдин калыптанышыида жаш муундарды коллективдүү духта, досчулук духта жана бири-бирине жардам берүү духунда тарбиялоо керек. Кыргыз аялдарынын образы – эмгекти сүйгөн, колунан көөрү төгүлгөн, акылдуулугу менен айырмаланган, үйдүн куту, мээримдүү эне, сүйүктүү жар болуу Каныкейдин образында чагылдырыган.

Адабият:

1. Ашым Жакыпбек. «Теңири Манас» с.10.
2. Ашым Жакыпбек. «Теңири Манас» с.552.
3. «Жаңырык Апта» №7 (161) от 19.02.09
4. Кусеин Карасаев. «Кыргыз руху» 14.11.08
5. Акмолдоева Ш.Б. «Этикет кыргызов» Б. Илим, 2005г.с.82